DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 1, 2021

## *СОЦИОЛОГИЯ*
## *СОЦИОЛОГИЯ*
## *SOCIOLOGY*

*Ибайдуллаев Х.*

# МУЗЕЙДИН КООМДОГУ МАДАНИЙ-АГАРТУУЧУЛУК КЫЗМАТЫНЫН АЙРЫМ КӨРҮНҮШТӨРҮ

*Ибайдуллаев Х.*

# НЕКОТОРЫЕ ПРОЯВЛЕНИЯ КУЛЬТУРНО-ПРОСВЕТИТЕЛЬСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ МУЗЕЯ В ОБЩЕСТВЕ

*Kh. Ibaidullaev*

# SOME DEMONSTRATION OF THE MUSEUM'S CULTURAL AND EDUCATIONAL ACTIVITIES IN SOCIETY

*УДК: 316.74*

*Бул макалада музейдин маданий-агартуучулук кызматынын айрым маселелери Кыргызстандын түштүк аймагындагы музейлердин мисалында каралды. Дүйнөдө ааламдашуу жараяны тездик менен жүрүп жаткан учурда ар бир элдин өздүгүн сактап калуу аракети пайда болот. Бул жараяндарда тарыхый-маданий мурастарды сактаган музейлердин коомдогу орду өсүүдө. Бүгүнкү биздин өзгөрүлмөлүү коомдогу музейлердин кандай деңгээлде маданий ишмердүүлүгүн аткарып жаткандыгына жана коомдун ага карата пикирин аныктоо максатында социологиялык сурамжылоонун материалдарынын негизинде анализ жүргүзүлдү. Коомубузда бир кылым мурда ишмердүүлүгүн баштаган музейлерде ата-бабаларыбыз калтырган баалуу мурастар жыйналып, аны кийинки муундарга жайылтуу иштери толук кандуу аткарылбай жаткандыгы аныкталды. Ошондуктан, музей тармагынын замандын талабына жараша өнүктүрүү үчүн бийликтин жана коомчулуктун жогорку деңгээлде колдоосу талап кылынууда.*

***Негизги сөздөр:*** *музей, маданият, маданий-агартуучулук кызматы, коом, музей көрүүчү, маданий иш чаралар, өзгөрүлмөлүү коом, адамдардын маданий турмушу.*

*В статье рассматриваются некоторые вопросы культурно-просветительской деятельности музеев на примере музеев южной части Кыргызстана. В процессе быстрой глобализации в мире каждая нация пытается сохранить свою идентичность. В этом процессе возрастает роль музеев в обществе, которая сохраняет историко-культурное наследие человечества. На основе социологических опросов был проведен анализ, с целью определения уровня культурно-просветительской работы музеев в современном меняющемся обществе. Стало ясно, что музеи, которые начали действовать в нашем обществе столетие назад, аккумулировали ценное наследие, оставленное нашими предками, и работа по его передаче будущим поколениям полностью не реализуется. Поэтому развитие музейной отрасли, в соответствии с современными запросами, требует высокого уровня поддержки со стороны властей и общественности.*

***Ключевые слова:*** *музей, культура, культурно-просветительская работа, общество, музейный посетитель, культурные мероприятия, меняющееся общество, культурная жизнь людей.*

*The article examines some issues of cultural and educational activities of museums on the example of museums in the southern part of Kyrgyzstan. In the process of rapid globalization in the world, each nation is trying to preserve its identity. In this case, the role of museums in society, which preserves the historical and cultural heritage of mankind, is growing. On the basis of sociological surveys, an analysis was carried out in order to determine the level of cultural and educational work of museums in a modern changing society. It became clear that the museums that began to operate in our society a century ago have accumulated the valuable heritage left by our ancestors, and the work of passing it on to future generations is not being fully implemented. Therefore, the development of the museum industry in accordance with modern requirements requires a high level of support from the authorities and the public.*

***Key words:*** *museum, culture, cultural and educational work, society, museum visitor, cultural events, changing society, cultural life of people.*

Дүйнөлүк маданияттын үлгүлөрүнүн катарынан орун алган Манас эпосу, боз үйү, улуттук оюндары менен таанылган элибиздин улуу мурастарын сактоо ар бирибиздин ыйык милдетибиз болуп саналат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Азыркы ааламдашуу жараяны тез жүрүп жаткан заманда түрдүү багыттагы идеологиялар тез тарап, өзүнүн маданиятын унутуп бара жаткан муундар пайда болду. Бул маселени чечүүдө музей институту негизги ролду аткарып, казынасында сакталган тарыхый-маданий мурастарды элге жайылтуу (пропаганда) иштерин аткаруу зарыл. Мамлекеттик деңгээлде белгиленүүчү маданий иш чараларга, маарекелерге карата көргөзмөлөрдү жасоо, массалык маалымат каражаттарына атайын көрсөтүүлөрдү алып чыгуу, макалаларды жарыялоо аркылуу элдин маданиятын жогорулатуу, ата-бабалардан калган каада-салттарды келечек муунга калтыруу, патриоттуулук сезимдерин ойготуу музейлердин негизги милдеттерине кирет. Дүйнөлүк практикада да музейлердин негизги кызматы катары эл аралык музейлер кеңеши (ИКОМ) тарабынан сунушталган жана анын уставына 1974-жылы киргизген аныктама пайдаланылат. Ага ылайык музейди "Коомдук кызматын аткарган жана анын өнүгүүсү менен шартталган, эл үчүн ачылган коммерциялык эмес мекеме болуп, материалдык күбөлөрүн жана аны курчаган чөйрөнү изилдейт, сактайт, таанытат жана экспонаттайт" [1, 16-б.].

Кыргызстандын түштүк аймагындагы музейлердин коомдогу маданий-агартуучулук кызматын кандай деңгээлде аткарып жаткандыгы боюнча Ош шаарындагы "Сулайман-Тоо" улуттук тарыхый-археологиялык музей комплексинин мониторинг бөлүмү тарабынан 2019-жылдын октябрь жана ноябрь айларында социологиялык сурамжылоо иштерин жүргүзгөнбүз. Анын негизги максаты музейлерде өткөрүлүп жаткан маданий иш чаралардын коомчулук тарабынан кандай деңгээлде кабыл алынып жаткандыгын, алардын суроо-талаптарын аныктоо болуп саналат.

Сурамжылоого катышкан респонденттерден "*Сиз кайсыл бир убакта музейде өткөрүлгөн маданий иш-чараларга катышкансызбы?*" деген суроону бергенибизде алардын 63,0% эч качан катышпаганын билдиришкен. Демек, бүгүнкү күндөгү музейлердин маданий-агартуучулук иштеринен коомчулук толук кандуу кабардар эместиги же иш чаралардын деңгээли төмөн экендигинен кабар берет. Эгерде жалпы республика боюнча музейлерди башка маданий мекемелерге салыштырганыбызда, 2018-жылы киносеанстарга баргандардын саны 1890,3 болсо, китепкана окурмандары 1,5 млн, театр көрүүчүлөрүнүн саны 174,9 жеткен. Ал эми музейлерге 813,8 көрүүчү келген [2]. Статистикадан көрүнүп тургандай киносеанстарга баргандардын саны эки эседен жогору болуп, бул кинотеатрлардын көпчүлүгү ижарага берилип, ишкерлер тарабынан заман талабына жараша жаңыча иш алып баргандыгы менен түшүндүрсөк болот.

Ошол эле учурда респонденттердин 37,0% кайсыл бир учурда музейде өткөрүлгөн маданий иш чараларга катышканын айтышса, алардын эң көбү б.а. 49,3% көргөзмөлөрдүн ачылышына катышышкан. Бул музейлердеги маданий-агартуучулук иштердин ичинен көргөзмөлөр уюштуруу басымдуулук кылаары айкын болду. Мындай көрүнүш Советтер Союзу учурунан бери калыптанып калган мамлекеттик музейлерге анын профилине, казынасындагы экспонаттардын түрүнө карабай эле жогорудан көргөзмөлөр уюштурууга буйрук берилип келет. Мисалга, өлкөбүздүн Эгемендүүлүк майрамы, Мамлекеттик тил күнү, 7-апрель Элдик революция күнү, Манас эпосу күнү, белгилүү инсандардын маарекелерине карата көргөзмөлөр ж.б. Ошол себептүү өкмөттүн буйругун аткаруу үчүн, музейлердеги агартуучулук иштердин 90% бир багыттагы көргөзмөлөрдү уюштурууга туура келип жатат.

XXI кылымда заманбап технологиялардын өнүгүшү дүйнө жүзүндө ааламдашуу жараянын тездетип, коомдогу жаңы көрүнүштөр тездик менен бири-бирине тарай баштады. Бул жараяндар өлкөбүз эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин тездик менен жайыла баштады. Музей тармагына да акырындык менен буга чейин жат болгон жаңылыктар кире баштады. Өткөн кылымдын 70-жылдарында АКШ жана Батыш Европа өлкөлөрүндө башталган "Музейдеги түн" акциясы жумуш убактысы бүткөндөн кийин коомчулуктун көңүлүн музейлерге тартуу, анын мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүү максатында уюштурула баштаган. Бул акциянын популярдуулугу өсүп, бүгүнкү күндө дүйнөлүк масштабда өткөрүлүп жатат. Кыргызстанда биринчи жолу "Музейдеги түн" акциясы 2003-жылы Бишкек шаарындагы Г.Айтиев атындагы улуттук көркөм сүрөт музейинде өткөрүлгөн [3]. Бишкек шаарында 2017-жылы "OYOUM group" чыгармачылык тобунун демилгесинде музейлер жана башка искусство мекемелеринде өткөрүлгөн "Музейдеги түн" акциясы көз карандысыз EACA (Event Awards Central Asia) уюмунун "Эң жакшы социалдык проект" номинациясындагы гран прини жеңип алган [4]. 18-май музейлердин эл аралык күнүнө карата өткөрүлгөн бул акциянын масштабы жылдан-жылга өскөндүгүнө байланыштуу 2018-жылдан бери КРнын Маданият, маалымат жана туризм министринин атайын буйругу менен республика боюнча бардык музейлерде өткөрүлүп келүүдө. "Музейдеги түн" акциясынын Кыргызстандын түштүк аймагындагы элдер да кызыгуу менен кабыл алгандыгы биздин сурамжылоодон да

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



аныкталды. Музейдеги кандай маданий иш чараларга катышкансыз деген суроого респонденттердин 28,7% "Музейдеги түн" акциясына катышканын билдиришкен. Демек, музейдин коомдогу ордун, аткарган кызматын жогорулатууга жаңы социалдык проекттердин таасири жогору экендигин айтсак болот.

Быйылкы жылы 9-май Улуу Ата Мекендик согуштун аяктаганын 75-жылдыгы КМШ өлкөлөрүнүн арасында эпидемиялык абалга карабай чоң масштабда белгиленди. Бул тарыхый окуянын адамзат тарыхындагы ролун чагылдырууда музейлер алдыңкы орунда турат. Ошондуктан ар бир музейдин көргөзмө залдарында Улуу Ата Мекендик согуш боюнча чагылдырылып, тынчтыкка, биримдикке жана мекенди сүйүүгө чакырган тематикалык экскурсиялар, баатырдык сабактар өткөрүлүп турат. 9-май Улуу Жеңиш майрамына карата арналган иш чараларга респонденттердин 15,3% катышканын билдиришкен. Мындан башка да тарыхыбыздагы өрнөк алуучу окуялар, улуу инсандар тууралуу агартуучулук иштерин көбүрөөк өткөрүү заманыбыздын талабы болууда.

Тилекке каршы, изилдөөгө алынган музейлерде мамлекетибиздин эң негизги майрамы болгон 31-август Эгемендүүлүк майрамына карата уюштурулган иш чараларга респонденттер эң аз (6,7%) катышышкан. Борбордук аянттарда эгемендүүлүк майрамы көптөгөн чыгымдар менен чоң масштабда өткөрүлгөнү менен ал жерде оюн-зоок программалары басымдуулук кылат. Эгемендүүлүктүн кадыр-баркына жетүүнү ага кантип жеткенге чейинки тарыхты билүү менен түшүнөбүз. Адамзат тарыхындагы негизги күрөштөр эркиндик үчүн жүргөндүгүн билебиз. Элдердин өткөн тарыхына карата сый-урматын жогорулатуу, патриоттуулукка жана маданияттуулукка тарбиялоодо музейлерде өткөрүлгөн маданий иш чаралар чоң ролду ойнойт. Бул багыттагы иштерде музейлердин ролун өстүрүү зарыл экендигин байкадык.

Кыргызстандын түштүк аймагындагы музейлер жайгашкан аймактагы туруктуу жашаган элдерден да сурамжылоо иштерин жүргүзүп, алардан *"Сиздин аймагыңыздагы музейлерде маданий иш-чаралар өткөрүлүп турабы"* деген суроону узатканыбызда эң көбү (42,5%) кээде гана өткөрүлүп турaарын айтышкан. Ушундай эле мааниде өзүнүн жашаган аймагындагы музейлерде маданий иш чаралар дайыма өтүп турат (24,5%) деген респонденттер да көпчүлүктү түзүштү. Демек, элдердин көз карашында музейлердин коомдогу маданий-агартуучулук иштерине оң бааларын беришкени анын өз ордун таап келе жатканынан кабар берет. Чындыгында, тарыхый-маданий мурастардын негизинде уюштурулган көргөзмөлөр, тематикалык экскурсиялар, атайын телекөрсөтүүлөр инсандардын руханий жашоосуна чоң таасир берип келет.

Ошондой эле өзүнүн жашаган аймагындагы музейлерде эч кандай маданий иш чаралар өткөрүлбөгөнүн айткан респонденттер (22,2%) да көпчүлүктү түзүштү. Туура, кээ бир райондогу музейлердин эскилиги жетип, элдерди кабыл алганга же иштегенге шарты жоктору да бар. Мисалы, Ноокат районунун Т.Зулпуев айыл аймагындагы тарых музейи 2016-жылы оңдоп-түзөө иштери үчүн жабылган бойдон, акча каражатынын жетишпегенинен бүтпөй турат [5]. Ал эми кээ бир айылдагы музейлерде бирден гана кызматкер иштеп жатканы алардын мүмкүнчүлүгүн чектеп, келечекте тарыхый-маданий мурастарыбыздын жоголуу коркунучун жаратат. Азыркы ааламдашуу заманында ар бир мамлекет өзүнүн ордун сактоодо, идеологиясын түптөөдө музейлерде сакталган мурастардын негизиндеги агартуучулук иштери аткарууга басым жасоо чоң ролду ойнойт.

Респонденттердин туруктуу жашаган аймагындагы музейлерде маданий иш чаралар өткөрүлүп жаткандыгы боюнча берген маалыматтары 1-таблицага ылайык көрүнүшкө ээ болду.

*Таблица 1*

**«Сиздин аймагыңыздагы музейлерде маданий иш-чаралар өткөрүлүп турабы?»**
**(жооп бергендердин саны, %)**

| Жооптор | Саны | % |
|---|---|---|
| Ооба, өткөрүлүп турат | 98 | 24,5 |
| Ооба, кээде гана | 170 | 42,5 |
| Жок, өткөрүлбөйт | 89 | 22,2 |
| Башка___ | 43 | 10,8 |
| Жалпы | 400 | 100,0 |

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Ал эми элдердин бош убактыларында маданий эс алуу үчүн музейлерге кандай деңгээлде барганы боюнча сураганыбызда респонденттердин эң көбү (57,5%) кээде гана барганын айтышкан. Демек, көпчүлүк элдин жашоосунда эс алуу үчүн музейлерге баруу маданияты али калыптана элек. Эгерде алардын жаш курагын карап көргөнүбүздө 18-39 жаштагылар (62,4%) көпчүлүктү түзүшсө, андан кийинки орундарда 60тан (54,5%) жогору жана 40-59 жаштагылар (48,2%) болду. Келечек тарыхыбызды кура турган жаштардын көпчүлүгүнүн музейлерге чанда барышы, бул багыттагы маселеге жаңыча көз караш менен жандашууга чакырат. Мисалы, жаштардын көпчүлүгү бош убактыларын интернет тармагында, кафелерде өткөргөнүн эске алганда, музейлерде да интернет таратуучу wifi аппараттарын орнотуу, музей магазиндерин, кафелерин ачуу сыяктуу жаңылыктарды киргизүү керек. Батыш өлкөлөрүндөгү музейлерде мындай жаңылыктар адаттагыдай көрүнүшкө ээ болуп калган. Ал эми алардын улутуна карай турган болсок, өзбек (57,4%) жана башка улуттун (86,7%) өкүлдөрү өзүнүн жашаган аймагындагы музейлерге маданий эс алуу үчүн кээде гана барышканын көпчүлүгү айтышкан. Жогоруда белгилеп өткөндөй музейлер улуттар арасындагы толеранттуулукту пайда кылуучу институт катары да кызмат өтөөрү белгилүү эмеспи. Өткөн тарыхтагы чоң жеңиштерге биргеликте жетишкен башка улуттарга да байланышкан иш чараларды өткөрүп туруу музейлердин артыкчылыгы болуп саналат.

Респонденттердин арасынан бош убактыларында маданий эс алуу үчүн музейлерге дайыма барып турушканын айткандар (9,5%) да бар экендиги жакшы көрүнүш. Демек, музейлерде алардын жан дүйнөсү эс ала турган жана руханий азык болуучу баалуулуктар бар экендигинен кабар берет. Эгерде алардын жаш курагына алып караганыбызда 40-59 (12,3%) жаштагылар эң көп келип, 60тан жогору (9,1%) жана 18-39 (8,3%) жаштагылар азыраак келишкен. Музейлерге туруктуу маданий эс алууга негизинен улуу муундун өкүлдөрүнүн барышканынын себебин ал жерде иштеген кызматкерлердин көпчүлүгүнүн пенсия курагында экендиги менен түшүндүрсөк болот. Маданият министрлигинин берген маалыматында да Кыргызстандагы жалпы музей кызматкерлеринин орточо жашы элүү жаш куракты түзөт. Демек, музей тармагына демилгелүү жаш кадрлардын келүүсүнө шарт түзүү, замандын талабына жараша жаңы долбоорлорду ишке ашыруу керек.

Респонденттердин ичинен бош убактысында маданий эс алуу үчүн музейге барууга мүмкүнчүлүгү жок экенин (30,8%) билдиргендер да көпчүлүктү түзүштү. Бул көрсөткүч элдердин арасында маданий эс алуу үчүн музейлерге баруу кеңири жайыла электигин жана алар үчүн шарттардын түзүлбөгөндүгүнөн кабар берет. Эгерде алардын улутуна карай турган болсок, кыргыз (27,7%) жана өзбек (34,8%) улутундагылар көп болуп, музейге келүүгө мүмкүнчүлүктөрү жоктугун айтышкан. Айрыкча региондордо кыргыз, өзбек улутундагылар көп жашагандыктан, алардын көпчүлүгү талаа жумуштары, мал чарбачылыгы менен алек болушуп маданий эс алууга анчалык көңүл бурбагандыгы белгилүү.

Респонденттердин бош убактыларында маданий эс алуу үчүн музейлерге баруусу боюнча берген маалыматтарынын жалпы жыйынтыгы 2-таблицада берилген.

*Таблица 2*

**«Бош убактыңызда маданий эс алуу үчүн музейлерге барып турасызбы?»**
**(жооп бергендердин саны, %)**

| Жооптор | Саны | % |
|---|---|---|
| Ар дайым барып турам | 38 | 9,5 |
| Кээде гана барам | 230 | 57,5 |
| Барганга мүмкүнчүлүк жок | 123 | 30,8 |
| Башка | 9 | 2,2 |
| Жалпы | 400 | 100,0 |

Ошондой эле музейде өткөрүлгөн маданий иш чаралар талапка жооп бербей турганын жана ага канааттанбаганын (40,0%) же болбосо таптакыр талапка жооп бербегенин (4,0%) айткан респонденттер да болду. Демек, музейлердеги экспозиция залдарын илимий концепцияларын жаңыдан иштеп чыгуу актуалдуу болгону сыяктуу маданий иш чаралардын деңгээлин көтөрүү да зарыл экендиги аныкталды.

"Кайра куруу" жана идеологиялык парадигмалардын өзгөрүшү менен катар "үгүттөө", "массалык мүнөз", "идеологиялык тарбия" сыяктуу терминдер

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



музейдин маданий-агартуучулук иштерине байланыштуу лексикасынан акырындап жоголуп кетти. Музей "эстетикалык үгүттөөнүн" эмес, эстетикалык табитти жана чыгармачыл фантазияны өнүктүрүүнүн, "коммунисттик дүйнө таанымды" эмес, тарыхый жана маданий мурастарга баалуулук мамилени калыптандыруунун каражаты катары карала баштады [6, 121-б.].

Эгерде маданий иш чаралардын кандай деңгээлде уюштурулуп жатканы боюнча пикирин айткан респонденттердин жаш өзгөчөлүгүнө карай турган болсок, 40-59 (41,4%) жана 60 жаштан жогорулар (60,0%) оң пикирлерин көбүрөөк беришсе, 18-39 жаштагылар (45,5%) терс пикирлерин көпчүлүгү айтышкан. Демек, региондогу музейлерде мурдатан бери калыптанып калган маданий иш чараларды көбүрөөк өткөрүшөт. Жаш көрүүчүлөрдү тартуу, аларды кызыктыруу максатында жаңыча көз караш менен маданий иш чараларды уюштуруу керектиги аныкталды. Жогоруда мисал катары өлкөбүздө акыркы 5-6 жылдан бери эл аралык музейлер күнүнө карата уюштурулуп жаткан “Музейдеги түн” акциясын кызыгуу менен кабыл алып, көптөгөн элдер катышканын айтканбыз. Ал эми алардын улутуна карай бөлүштүргөнүбүздө кыргыз улутундагылар (47,4%) көбүрөөк музейдеги маданий иш чараларга канааттанганын айтышса, өзбек (55,6%) жана башка улуттун (33,3%) өкүлдөрүнүн көпчүлүгү терс пикирлерин билдиришкен. Музейлер элдердин руханий жашоосун байытуучу жана патриоттук сезимдерин өстүрүүчү жай катары маданий иш чараларында өлкөбүздө жашаган башка улуттун өкүлдөрүн да камтып кетүүсү зарыл. Бул багыттагы иштерди жандантуу зарылдыгы биздин сурамжылоодон айкын көрүндү. Казакстандын Алматы шаарындагы музейдин экспозиция залында өлкөсүндө жашаган башка улуттун өкүлдөрүнө бирдей жай ажыратылып, ал жерди экспонаттар менен толтурууну диаспораларга тапшырышкан. Жыйынтыгында түрдүү улуттардын маданияты менен жакындан таанышууга жана көптөгөн баалуу экспонаттардын чогулуусуна шарт түзүлгөн. Демек, музейлер коомдогу улуттар арасындагы толеранттуулукту пайда кылуу, бири-бири менен болгон мамилени жакшыртуу жана мамлекеттин келечегин биргеликте өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү боюнча иштерди аткаруудагы ролу чоң экендиги көрүндү.

Жалпысынан алганда музейлердеги маданий иш чаралардын деңгээлин өстүрүү, жаңылыктарды киргизүү аркылуу коомчулук менен тыгыз байланыштарды түзүү иштерин өнүктүрүү зарыл. Бул багыттагы демилгелерди биринчи кезекте музей адистери колго алып, ишке ашыруусу зарыл.

Ар бир музей өзүнүн профилине жана жайгашкан жериндеги элдердин тарыхый өзгөчөлүгүнө карай ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө басым жасашы керек. Себеби, музейлер өзүнүн туруктуу көрүүчүлөрүнө ээ болгусу келсе, жергиликтүү элдин жашоосундагы негиздүү окуяларга, тарыхый инсандарына байланышкан изилдөөлөрдү көбүрөөк алып баруу жана маданий-агартуучулук иш чараларды дайыма өткөрүп туруусу шарт.

Жыйынтыктап айтканда, региондогу музейлерде өнүккөн өлкөлөрдүн бай тажрыйбасын колдонуу менен маданий иш чаралардын деңгээлин көтөрүү, келечек ээлери болгон жаштарды көбүрөөк тартуу иштерин жандандыруу керектиги аныкталды. Ал үчүн перспективдүү пландарды иштеп чыгып, мамлекет тарабынан да колдоо көрсөтүү зарыл.

**Адабияттар:**


1. Кодекс музейной этике ИКОМ. ИКОМ России. - М., 2007. - С.16.
2. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети, Билим берүү жана маданият. [Электрондук ресурс]. - Маалымат алуу убактысы: 18.07.2020 http://www.stat.kg/kg/statistics/obrazovanie/
3. «Ночь в музее» прошла в Бишкеке. [Электрондук ресурс]. - Маалымат алуу убактысы: 18.07.2020 http://www.news-asia.ru/view/6015/8284
4. Итоги Event Awards Central Asia 2017 – названы лучшие ивент-компании [Электрондук ресурс]. - Маалымат алуу убактысы: 18.07.2020 https://ru.sputnik. kg/ culture/20171029/1036065983/v-bishkeke-nazvany-luchshiye-ivent-proyekty.html
5. Сулайман-Тоо музей комплексинин 2019-жылдагы отчету. 28.01.2020 чыгыш №01-9/10 сандуу кат.
6. Рубан Н.И. Музеология. - Хабаровск, 2007. - С. 121.
7. Раймхан К.Н. История музейно-археологических материалов. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана № 2. 2010. С. 219-221.